КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ЧОҢ-АЛАЙ РАЙОНУ

ЖЕКЕНДИ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧОҢ-АЛАЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЖЕКЕНДИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Жекенди айылдык Кеңешинин депутаттарын сегизинчи чакырылышынын кезектеги он төртүнчү сессиясынын

ТОКТОМУ

2026-жылдын 17-август № 39 Кара-Мык айылы

Жекенди айыл аймагындагы Жекенди талаасы участкасындагы 20,0 га жер аянтынын башкы планына деталдуу пландаштыруу долбоорун бекитип берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-39-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесине ылайык, Жекенди айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 2-декабрындагы №516 сандуу чыгыш катынын жана Жекенди айыл аймагынын айылдык кенешинин жер, айыл чарба жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 4-декабрындагы отурумунун корутундусунун негизинде, шаар куруу жана архитектура департаменти тарабынан даярдалган шифр №350-Ош/2025 сандуу Жекенди талаасы участкасындагы 20,0 га жер аянтынын башкы планына деталдуу пландаштыруу долбоорун карап чыгып, Жекенди айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Жекенди айыл аймагындагы Жекенди тааласы участкасындагы 20,0 га жер аянтынын башкы планына деталдуу пландаштыруу долбоору бекитилсин.

2.Токтомдун негизинде тиешелүү иш кагаздарын толуктап, өткөруп алуу жагы Жекенди айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы З.Исмаиловго милдеттендирилсин.

3. Бул токтом расмий булактарга жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Жекенди айылдык кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоодон өткөрүшсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн тиешелүү Ош юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн.

5.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Жекенди айылдык кеңешинин агрардык маселелер, азык-түлүк жана экология, жер жана жер реформасы боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Зикир уулу Мухаммедыканга жүктөлсүн.

Төрага **А.Амирбеков**